
# Кирпи менен таш бака



Автор: Сулайман Рысбаев

Сүрөтчү: Эльдар Есиналинов

# Кирпи менен таш бака

Автор: Сулайман Рысбаев

Сүрөтчү: Эльдар Есиналинов

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2023


Copyright © 2023, Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Кирпи менен таш бака" (кыргыз тилинде), автор Сулайман Рысбаев, сүрөтчү Эльдар Есиналинов

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Кирпи менен Таш бака токойдун четинен кездешип калышты.


– Бул жакка эмнеге келдиң? – деп сурады Кирпи.

– Чымын-чиркей кармап, курсагымды тойгузсам дегем. А өзүңчү? – деди Таш бака.

– А мен ойноп жүрөм. Токой – менин үйүм. Сен көлүңө кет! – деп Кирпи орой жооп берди.


Таш бака Кирпинин мындай мамилесине ызаланып кетти. – Көл – менин үйүм. Сен өзүңдүн токоюңа кет! – деди Таш бака да кыйынсынып.





Ошентип экөө кайым айтышып, кечке турушту.

Кирпи менен Таш бака бири-бирине таарынып, экөө эки жакка бултуңдап басып кетишти.



Кирпи ийнедей болгон тикенектерди жонуна көп кылып үйүп алды. Анан жашынып алып, Таш баканы аңдып жатып калды. Бир маалда кыбыраган Таш бака көрүндү. Кирпи үйүп алган тикенектери менен аны аткылай баштады. Таш баканын айласы кетти.

– Сениби, шашпа! – деп артка жөнөдү.


«Эмне кылсам? Кантип коргонсом?» деп ойлонуп жатты.

Көзүнө жалпак таш урунду. Мына эмесе! Таш бака сүйүнүп кетти да, ташты алып, денесин калкалап алды.

Кызык эми башталды! Кирпи менен Таш бака, тирешип, түртүшүп, экөө көпкө салгылашты.

Бирок экөө тең бири-бирин жеңе албады. Айлалары кетип, эки жакка басып кетишти. Кийин канча ирет жолугушса да, элдеше алышкан жок.





Ошондон бери Кирпи ийнедей тикенектерди жонунан түшүрбөй жүрөт. Таш бака болсо үстүндөгү калканч ташын көтөрүп жүрүүнү адат кылып алыптыр.

Достор, Кирпи менен Таш баканы кантип элдештирсек болот?

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Эльдар Есиналинов

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли